**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022- жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Талас шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Жооптуу тараптар жана аудит объектилери**

Бул аудитке жоопту тарап болуп – Талас шаарынын мэриясы, ал эми аудит объектилери болуп – Талас шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Жогоруда аталган тараптын жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана жогору турган орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- Талас шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- Талас шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы

- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга шайкеш келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Талас шаарынын мэриясында жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө, шаардын муниципалдык ишканаларында жүргүзүлдү.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчиликти тартат.

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022- жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Талас шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыгында бардыгы, **292 042,3 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган,анын ичинде:

Каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана жетишпестиктер – **6 678,7** миң сом, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге которулбаган каражаттар – **2 000,0** миң сом:

**21030610** Кайтаруу негизинде алынган бюджеттик каражаттардын кайтарылбашы же өз учурунда кайтарылбашы, кайтаруу негизинде берилген бюджеттик каражаттарды (бюджеттик ссудаларды же насыяны) пайдалангандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздардын чегерилбеши же өз учурунда чегерилбеши - 2 000,0 миң сом.

Капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюдежттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар - **325,5** миң сом, анын ичинде:

**23020701** Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар – 325,5 миң сом.

Милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар) – **470,1** миң сом, анын ичинде:

**23030310** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 393,3 миң сом;

**23030610** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 76,8 миң сом.

Каражаттарды чыгымдоодо алуучулардын жана башка бузуулары – **3 390,4** миң сом, анын ичинен:

**23070410** Ашыкча төлөө жана белгиленбеген төлөмдөр – 2 971,5 миң сом.

**23070710** Ченемдик-укуктук актылар жана келишимдер (контракттар) менен каралган, ошондой эле кезектеги мезгилдин эсебинен белгиленген өлчөмдөн ашык авансалык төлөмдөрдү чегерүү – 418,9 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер – **492,7** миң сом, анын ичинен:

**24010110** Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер – 492,7 миң сом;

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер – **115,5** миң сом, анын ичинен:

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү сактоонун камсыздалбашы – **115,5** миң сом, анын ичинен:

**31010610** Тастыктоочу документтер жок туруп, мүлктү жана ТМБларды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу – 115,5 миң сом.

Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар – **284 049,2** миң сом, анын ичинде:

Бюджеттик (бухгалтердик) эсепти жүргүзүү эрежелерин бузуу – **284 033,6** миң сом, анын ичинде:

**41010801** Бухгалтердик эсептеги негизги каражаттардын балансынан эсептен чыгаруу боюнча мыйзам талаптарынын сакталбашы – 461,0 миң сом;

**41011001** Материалдык эмес активдерди эсепке алуу боюнча мыйзам талаптарынын сакталбашы – 30,0 миң сом;

**41011101** Бухгалтердик жана башка отчеттуулукту бурмалоо - 283 542,6 миң сом.

Бюджеттик отчеттуулукту түзүү эрежелерин бузуу – **15,6** миң сом, анын ичинде:

**41020210** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар – 15,6 миң сом;

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар – **1 198,9** миң сом, анын ичинде:

**51011301** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 1 198,9 миң сом.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча сунуштамаларынын жана жазма буйруктарынын аткарылышы**

2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас шаарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Талас шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы аныкталган:

- финансылык бузуулар-**9 174,7 миң сом**;
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **238,4 миң сом**;
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **82,6 миң сом.**

Бардыгы, орду толтурулууга тийиш 2 479,4 миң сом аныкталган финансылык бузуулар толук калыбына келтирилген.

**Талас шаарынын 2022-жылга социалдык-экономикалык өнүгүүсү**

Талас шаарынын 2021-2025-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасы депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 26-октябрындагы 2021-жылдын 36/7-8 токтому менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 5-беренесинин 88-бөлүгүндө "социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары жана жергиликтүү бюджеттердин артыкчылыктары кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет"деп каралган. Бирок, Талас шаарынын 2022-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилген эмес.

2022-жылы энергетикада өндүрүштүн көрсөткүчү 1 341 816,0 миң сомду, 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 115,7 пайызды түзгөн. Энергетиканы кошпогондо өндүрүштүн көрсөткүчү 740 121,1 миң сомду, же өсүү темпи 2021-жылга салыштырмалуу 143,4 пайызды түзгөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн жалпы көлөмү 16 650 902,8 миң сомду түзгөн, 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 130 %;

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү 14 511 756,0 миң сомго, же өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 129,1 пайызга жеткен.

Жүргүнчү ташуулар 95 433,6 миң жүрг. км. түзгөн, бул 2021-жылга салыштырмалуу 105,6 пайызга көп.

2021 – жылдын жыйынтыгы боюнча жүк ташуунун көлөмү 276,8 миң тоннаны, 2022-жылы 281,7 миң тоннаны түзгөн, бул 101,8 пайызды түзөт, же 4,9 миң тоннага көп.

Жалпы аянты 11 123,0 м2 болгон турак үйлөр мурунку жылга салыштырмалуу 81,5% пайдаланууга берилген.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Талас шаарына инвестициянын көлөмү 266 832,7 миң сомду түзгөн, бул 26,3 пайызга аз, 2021-жылга салыштырмалуу, же 70 131,7 миң сомго аз.

2022-жылы Талас шаары боюнча жалпысынан 12 орто жана чакан ишкана пайдаланууга берилген. Бул ишканалардын эсебинен бардыгы 103 жаңы жумуш орундары түзүлгөн .

Айыл чарба продукциясын өндүрүү: 432 тонна эт, 1246 тонна сүт, 14,9 тонна жүн, 1 184,0 миң даана жумуртка.

2022-жылы дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен жалпы суммасы 13 326,3 миң сомго 4 долбоор ишке ашырылган.

**2022-жылга Талас шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2022-жылга Талас шаарынын жергиликтүү бюджети керешелер жана чыгашалар боюнча 172 367,1 миң сом өлчөмүндө, депутаттардын Талас шаардык Кенешинин 2022-жылдын 11-февралындагы №72/10-8 токтому менен бекитилген, 204 785,5 миң сомго такталган, аткарылышы 225 896,8 миңсомду түзгөн, 131,0% аткарылган, же пландалгандан 53 529,7 миң сомго көп түшкөн.

2022-жылга салыктык кирешелердин түрлөрү боюнча пландык тапшырма 166 612,0 миң сомду түзгөн, аткаруу 186 210,7 миң сомду түзгөн, план 111,8% аткарылган, же жергиликтүү бюджетке пландалгандан 19 598,7 миң сомго көп түшкөн. Анын ичинде:

- салык агентинин киреше салыгы-127 253,4 миң сом жеткирилген планда, 139 940,2 миң сомго аткарылган, план 110,0% аткарылган, же шаардык бюджетке пландалгандан 12 686,8 миң сомго көп түшкөн. 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 148,2% түзгөн.

- бирдиктүү салык боюнча-жеткирилген план 9 930,0 миң сом болсо, иш жүзүндө 14 431,2 миң сом түшкөн, аткарылышы 145,3% түзгөн. Жергиликтүү бюджетке пландалгандан 4 501,2 миң сомго көп түшкөн.

- жалпы патенттик негизде ишкердик иш жүргүзүү боюнча 14 166,9 миң сом планда, 13 775,6 миң сом түшкөн, план 102,8% аткарылган, же бюджетке кошумча 4 501,2 миң сом акча каражаттарытүшкөн.

- кыймылсыз мүлк салыгы-3 221,6 миң сом планда, 3 694,5 миң сом түшкөн, бюджетке кошумча 472,9 миң сом түшкөн, же план 114,7%аткарылган.

- транспорт каражатына салык – план 5 623,4 миң сом болсо, аткарылышы 5 678,7 миң сомду, же 101,0% түзүп, бюджетке пландалгандан 55,3 миң сомго көп түшкөн.

- жеке адамдардын транспорт каражаттарына салык боюнча – пландык тапшырма 5 143,4 миң сомду түзгөн, аткаруу 5 008,8 миң сомду түзгөн, же 97,4%, пландалгандан 134,5 миң сомго аз түшкөн.

- жер салыгы-пландык тапшырма 6 562,0 миң сомду түзгөн, 7 668,2 миң сомго аткарылган, бул 115,3% түзгөн, же пландалгандан 1 006,2 миң сомго көп түшкөн.

- роялти – пландык тапшырмага салык 246,0 миң сомду, аткаруу-246,0 миң сомду түзгөн.

Салыктык эмес кирешелердин жалпы көлөмү 32 323,0 миң сом пландык тапшырмада, 31 604,1 миң сомду түзгөн, ошентип план 102,3% аткарылган, же пландаштырылган көрсөткүчтөн 718,9 миң сомго көп. Анын ичинде:

- калктуу конуштардагы жерлердин ижара акысын төлөө боюнча пландык тапшырма 6 500,0 миң сомду түзгөн, планды аткаруу 6 946,3 миң сомду, же 106,9% түзгөн, бюджетке пландалгандан 446,3 миң сомго көп түшкөн.

- муниципалдык менчикте турган жайларды, имараттарды, курулмаларды, жабдууларды жана техникаларды ижарага берүү боюнча план 181,8 миң сомду түзүп, 258,0 миң сомго же 141,9% аткарылып, пландалгандан 76,2 миң сомго көп түшкөн.

- таштанды чыгаруу боюнча пландык тапшырма 200,0 миң сомду түзгөн, аткаруу 225,9 миң сомду түзгөн, же 112,9% түзгөн, пландалгандан 25,9 миң сомго көп түшкөн.

- билим берүү жана маданият кызматтары боюнча пландык тапшырма 14 327,5 миң сомду түзгөн, аткаруу 13 951,4 миң сомду түзгөн, 376,1 миң сом түшпөй калган, же 97,4% (пландын аткарылбагандыгынын себеби, бала бакчаларда 25тен ашпаган топтогу балдардын санына чектөө киргизилгендигине байланыштуу).

Белгилей кетсек, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2020-жылдын 15-февралындагы №252/36-7 токтомунун негизинде, "Таза Суу" муниципалдык ишканасына бир жылдык мөөнөткө бюджеттик кредит (ссуда) түрүндө 2 000,0 миң сом акча каражаты берилген. "Таза Суу" муниципалдык ишканасы тарабынан 2022-жыл ичинде төлөмдөр жүргүзүлгөн эмес.

"Таза Суу" муниципалдык ишканасы 2022-жылдын 26-декабрындагы №01-8/372 каты менен Талас шаарынын мэриясына насыяны төлөө мөөнөтүн 2025-жылдын 31-декабрына чейин узартуу өтүнүчү менен кайрылган. Талас шаарынын мэриясы депутаттардын Талас шаардык кеңешине 2025-жылга чейин карызды бөлүп төлөө графигин карап чыгып, бекитүү өтүнүчү менен кайрылган. Бирок, Талас шаардык кеңешинде бул кайрылуу колдоо тапкан эмес. Натыйжада, "Таза Суу" муниципалдык ишканасына берилген 2 000,0 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик ссуда мөөнөтүндө жабылган эмес жана төлөө мөөнөтүн узартуу маселеси чечилген эмес.

**2022-жылга Талас шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

Талас шаарынын бюджетинин 2022-жылга чыгаша бөлүгү атайын эсептин каражаттарын кошкондо 172 367,1 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 240 392,4 миң сомго такталган, аткарылышы 202 186,7 миң сомду түзгөн, же план 84,1 пайызга аткарылган.

Бекитилген планга карата такталган план 69 025,3 миң сомго көбөйгөн. Анын ичинен, 2022-жылдын 1-январына карата, депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2022-жылдын 11-февралындагы №73/10-8 токтомунун негизинде, 2021-жылдагы чыгашалардан ашкан кирешелердин суммасынын эсебинен кошумча 31 125,0 миң сом каралган. Мындан тышкары, 2022-жылдын1- январына карата атайын эсептеги калдыктын эсебинен 4 876,0 миң

сом берилген, пландан ашыкча кирешелердин эсебинен жыл ичинде 25 849,0 миң сомго көбөйгөн. Ошондой эле, жыл ичинде республикалык бюджеттен 6 569,4 миң сом өлчөмүндө акча каражаты (максаттуу трансферт) келип түшкөн.

2022-жылы Талас шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бөлүмдөрү боюнча чыгашаларды каржылоонун өлчөмү:

- "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат" бөлүмү, такталган план (атайын каражаттарсыз) - 31 371,1 миң сом, иш жүзүндө 28 683,8 миң сомго же 91,4 пайызга аткарылган;
- "Коргоо" бөлүмү, такталган план – 1 785,2 миң сом, иш жүзүндө аткарылышы – 1 221,3 миң сом, же 68,4 пайыз;
- "Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" бөлүмү, такталган план-118 434,6 миң сом, 95 720,6 миң сомго, же 80,8 пайызга аткарылган;
- "Эс алуу, маданият жана дин" бөлүмү, такталган план-15 321,4 миң сом, 14 556,8 миң сомго же 95,0 пайызга аткарылган;
- "Билим берүү" бөлүмү, такталган план-43 681,6 миң сом, аткаруу – 38 464,0 миң сом, же 88,1 пайыз;
- "Социалдык коргоо" бөлүмү, такталган план – 623,1 миң сом, аткаруу – 550,1 миң сом, же 88,3 пайыз.

2022-жылы жалпы чыгымдардын көлөмүндө турак жай – коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр 51,6%, билим берүү – 26,1%, мамлекеттик башкаруу – 14,2%, маданият-7,2% ж. б. ээлейт.

**Корутунду:** жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, Талас шаарынын 2022-жылдагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы, төмөндө белгиленген жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Талас шаарынын бюджети**

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары жана жергиликтүү бюджеттердин артыкчылыктары кезектеги бюджеттик жылдан мурунку жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрөт", деп белгиленген 88-беренесинин 5-бөлүгүн бузуу менен, Талас шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 5-бөлүгүн аткаруу максатында, тиешелүү жылга Талас шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бюджеттик жылдан мурунку жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен бекитүү камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Депутаттардын Талас шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 11-февралындагы №71/10-8 токтому менен, Талас шаардык маданият бөлүмүндө 4 штаттык бирдик менен Маалымат кызматы ачылган. 2022-жылы Талас шаардык маданият бөлүмүнүн Маалымат кызматы жергиликтүү бюджеттен 415,1 миң сомго каржыланган. Бирок, депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2023-жылдын 4-майындагы №176/23-8 токтому менен каржылоо убактылуу токтотулган. Ошентип, **415,1** миң сом рационалдуу эмес, пландаштырылган максаттарга жетпестен сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын рационалдуу эмес чыгымдалышына жол берилбесин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2020-жылдын 15-февралындагы №252/36-7 токтомунун негизинде, "Таза Суу" муниципалдык ишканасына бир жылдык мөөнөткө бюджеттик кредит (ссуда) түрүндө 2 000,0 миң сом акча каражаты берилген.

"Таза Суу" муниципалдык ишканасы 2022-жылдын 26-декабрындагы №01-8/372 каты менен Талас шаарынын мэриясына ссуда төлөө мөөнөтүн 2025-жылдын 31-декабрына чейин узартуу өтүнүчү менен кайрылган. Талас шаарынын мэриясы депутаттардын Талас шаардык кеңешине кайрылып, 2025-жылга чейин карызды бөлүп төлөө графигин карап чыгып, бекитүүнү суранган. Бирок, Талас шаардык кеңешинде бул кайрылуу колдоо тапкан жок. Натыйжада, "Таза Суу" муниципалдык ишканасына берилген **2 000,0** миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик ссуда мөөнөтүндө жабылган эмес, жана төлөө мөөнөтүн узартуу маселеси чечилген эмес.

**Сунуштама:**

"Таза Суу" муниципалдык ишканасына берилген 2 000,0 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик ссуданы төлөө маселеси депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2020-жылдын 15-февралындагы, №252/36-7 токтомунун негизинде чечилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор Чымылдаков К.

**Талас шаарынын мэриясы**

2022-жылгабюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 19 822,7 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 27 425,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 24 491,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар-14 383,3 миң сомду түзгөн.

Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонду Талас шаардык кеңешинин 2022-жылдын 11-февралындагы № 72/10-8 токтомунун негизинде, 995,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, жыл ичинде 1 045,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 971,8 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгымдар 917,8 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун 3-пунктуна ылайык, “ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге (бюджеттик мекемелерден тышкары) өткөрүлүп берүүчү депозиттик суммалар, үч жыл бою сакталат”. Бул жобонун 4-пунктуна ылайык, “ушул жобонун 3-пунктунда белгиленгендер аяктагандан кийин депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттары мамлекеттик/муниципалдык мекеменин буйругу боюнча бул суммалар сакталган депозиттик эсептеги тийиштүү бюджет кирешесине которулууга тийиш”.

Талас шаарынын мэриясынын маалыматтары боюнча, 2019-жылдын 1-январына карата депозиттик эсебинде, **5,6** миң сом өлчөмүндөгү талап кылынбаган калдык болгон.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобого ылайык, 2019-жылдын 1-январына карата депозиттик эсебиндеги талап кылынбаган 5,6 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте подрядчылар "Альбатрос Кей Джи" ЖЧКсы жана "Фирдаус Арт" ЖЧКсы тарабынан объекттер келишимдерде каралган мөөнөттөрдү бузуу менен тапшырылгандыгы аныкталган, буга байланыштуу, келишимдердин шарттарына ылайык, аларга 5,2 миң сом жана 3,1 миң сом айып санкциялары жалпы **8,3** миң сомго эсептелген.

**Сунуштама:**

Келишимдердин шарттарына ылайык, объекттерди өз убагында тапшырбагандыгы үчүн "Альбатрос Кей Джи" ЖЧКсынан – 5,2 миң сом жана "Фирдаус Арт" ЖЧКсынан – 3,1 миң сом эсептелген айыптык санкциялар өндүрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, келишимди тикелей түзүү ыкмасы менен сатып алуулуарда баалардын мониторинги жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда тиешелүү жол-жоболорду сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор Чымылдаков К.

**Талас шаардык кеңеши**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 2 662,3 миң сомго бекитилген, жыл ичинде такталган сметасы 3 783,3 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 315,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 3 485,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 452 токтому менен бекитилген Облустук жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бузуу менен, штаттан ашыкча тазалоочунун штаттык бирдиги киргизилген, ага аудит мезгилинде **222,8** миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнгөн, анын ичинде социалдык төлөмдөр 32,8 миң сом.

**Сунуштама:**

Талас шаардык кеңешинин аппаратынын штаттык ырааттамасы 2023-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 452 токтому менен бекитилген Облустук жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмү жана штаттык санына шайкеш келтирилгендиги эске алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор Чымылдаков К жана Кубанычбеков Д.

**Талас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 17 793,5 миң сом суммасында бекитилген, 52 775,6 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 31 541,2 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегинин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) талаптарын бузуу менен, Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын 2022-жылдын 11-январындагы №16 буйругунун негизинде, 2022-жылдын 1-январынан тартып 30-июлуна чейин жумуш орундарын аттестациялоо өткөрбөстөн, башкармалыктын 7 кызматкерлерине эмгектин зыяндуу шарттары үчүн **211,9** миң сом эмгек акыга 30% үстөк акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөк төлөө токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти

жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 246-беренесинин талаптарын бузуу менен, жол баракчаларында реквизиттер толтурулбайт, километраж жана КММ саны көрсөтүлбөйт. КММды эсептен чыгаруу айдын аягында комиссия тарабынан эркин түзүлгөн акты менен жүргүзүлөт. Ошентип, аудит мезгилинде бардыгы **115,5** миң сом негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгарылган 115,5 миң сом күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин. Мындан ары КММды эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б. буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары так аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Талас шаарынын 735 метр узундуктагы Молдосанов көчөсүндөгү жер кыртышындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү" объекти боюнча подрядчы "Вавилон" курулуш компаниясы" ЖЧКсы тарабынан иштердин наркынын 26,0 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган “Талас шаарынын 735 метр узундуктагы Молдосанов көчөсүндөгү жер кыртышындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү" объектиси боюнча подрядчы "Вавилон" курулуш компаниясы "ЖЧКсы тарабынан 26,0 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпекторлор Р. Мейматкулов, Д. Кубанычбеков жана тышкы адис К. Токтосунов.

**Талас шаарына коммуналдык кызматтарды көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы**

2022-жылга ишкананын бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы 35 684,4 миң сом суммасында бекитилген,жыл ичинде бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген, бюджеттин көлөмү 17 982,8 миң сомго көбөйгөн, такталган бюджет 53 667,2 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгашалар 51 724,6 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгашалар-33 354,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын киреше бөлүгү смета боюнча 9 672,0 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү киреше 10 272,8 миң сомду түзгөн, же такталган план 106,2% аткарыган.

Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын чыгаша бөлүгү 9 771,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 8 423,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 377,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде ишкананын 2022-жылдын 29-августундагы №54-р буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 31 жылдыгына карата кызматкерлерге **312,0** миң сом сый акы төлөнүп берилген. Ошондой эле, депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2022-жылдын 27-декабрындагы № 48/19-8 токтому менен, үнөмдөлгөн каражаттын эсебинен **731,9** миң сомго сый акылар төлөнгөн.

Мында, ишкананын 2021-2024-жылдарга жамааттык келишиминде Кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө жобонун жана жыл ичиндеги иштин жыйынтыгы боюнча Иштеген убактысы үчүн сый акы төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобонун болушу каралган. Бирок, аудитке жамааттык келишимге тиркелген бир дагы Жобо берилген эмес.

**Сунуштама:**

2021-2024-жылдарга Ишкананын жамааттык келишимине тиркелүүгө тийиш болгон Кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө жобо жана Иштеген убактысы үчүн жыл ичиндеги иштин жыйынтыгы боюнча сый акы төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Жобо белгиленген тартипте бекитилсин. Мындан ары, Ишкананын кызматкерлерине жогоруда көрсөтүлгөн жоболорго ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте "Партнер нефть" ЖЧКнын **15,6** миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызы аныкталган.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсеп боюнча аудиттин жүрүшүндө "Партнер нефть" ЖЧКнын 15,6 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызы калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б. буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарына ылайык, дебитордук карыздар өз убагында жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы ишкана тарабынан 261,1 миң сомго жол белгилерин жана 199,9 миң сомго көчө тренажеру сатып алынган. Мында бухгалтердик эсеп боюнча жалпы суммасы **461,0** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгарылган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 127-беренесине ылайык, негизги каражаттар "негизги каражаттарды пайдалануу мөөнөтү бир жылдан ашык" деген шартта активдер катары таанылат, ошондуктан, жогоруда көрсөтүлгөн товардык-материалдык баалуулуктарды негизги каражаттарга киргизүү зарыл.

**Сунуштама:**

Жалпы суммасы 461,0 миң сомго негизсиз эсептен чыгарылган товардык-материалдык баалуулуктар (жол белгилери жана көчө тренажеру) негизги каражаттар катары бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого ылайык, негизги каражаттарды өз убагында толук эсепке алуу камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, жумуштардын наркынын жогорулагандыгы аныкталган:

- "Талас шаарынын Ч. Айтматов - Ч. Сатаев жана Бердике Баатыр-Алымбеков көчөлөрүнүн кесилишине светофорлорду орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Алтус" ЖЧКсы тарабынан 185,0 миң сомго;
- "Талас шаарындагы Ч. Айтматовдун эстелигин оңдоо иштери" объектиси боюнча подрядчы "БММ-Сервис" ЖЧКсы тарабынан 72,8 миң сомго;
- "Талас шаарында сквер куруу" объектиси боюнча подрядчы "Гималай" ЖЧКсы тарабынан 33,4 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркынын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Талас шаарынын Ч. Айтматов - Ч. Сатаев жана Бердике Баатыр-Алымбеков көчөлөрүнүн кесилишине светофорлорду орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Алтус" ЖЧКсы тарабынан 185,0 миң сомго;
- "Талас шаарындагы Ч. Айтматовдун эстелигин оңдоо иштери" объектиси боюнча подрядчы "БММ-Сервис" ЖЧКсы тарабынан 72,8 миң сомго;
- "Талас шаарында сквер куруу" объектиси боюнча подрядчы "Гималай" ЖЧКсы тарабынан 33,4 миң сомго.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпекторлор Чымылдаков К. жана Кубанычбеков Д.

**Талас шаарынын жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча сектору**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 2 564,3 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 3 129,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 3 082,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар-3 018,2 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **42,4** миң сом суммасына курулуш материалдарынын нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускамага ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик исппектор Мейматкулов Р.

**Талас шаарынын көркөм сүрөт музейи**

2020-жылга чыгымдар сметасы 1 010,0 миң сомго бекитилген, 1 010,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 929,0 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 832,6 миң сомду түзгөн.

2021-жылга чыгымдар сметасы 986,1 миң сомго бекитилген, 1 084,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 961,2 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 927,9 миң сомду түзгөн.

2022-жылга чыгашалар сметасы 1 159,7 миң сомго бекитилген, 1 713,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 1698,2 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 1 652,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы музей тарабынан "Алан групп" ЖЧКдан 43,5 миң сомдук продукция сатып алынган, алардын ичинен: 13,5 миң сом - аткаруучунун кызматы жана 30,0 миң сом - 1С Ишкана 8.3. жана "Баланс" программасын орнотуу. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 207-пунктуна ылайык, бюджеттик мекеме материалдык эмес активдерди сатып алган учурда (физикалык формасы жок, идентификацияланган акча каражаттары болуп саналбаган жана өндүрүштө, кызмат көрсөтүүдө же товарларда, ижарада же административдик кызмат көрсөтүүлөр үчүн пайдаланылган активдер), алар тиешелүү элементтерде кайра классификациялануга жана "Запастар" тобунда эсепке алынууга тийиш.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого ылайык, 30,0 миң сом суммасында 1С Ишкана 8.3. жана "Баланс" программасы мекеменин балансына кабыл алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде жалпы суммасы **550,4** миң сомго түздөн-түз сатып алуулар жүргүзүлгөн, мында, конкурстук документтерди даярдоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 14-беренесинин талаптары бузулган.

**Сунуштама:**

Мыйзамдардын талаптарын бузуу менен түздөн-түз сатып алууларды ишке ашырган жооптуу кызматкерлерге чара көрүлсүн. Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор Н. Аширалиев.

**Талас шаарынын спорттук мектеби**

2022-жылга чыгашалар сметасы 1 257,9 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 1 257,9 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 1257,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 1 318,7 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-п буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун "акча каражаттарын отчет менен алынгандыгы боюнча отчеттуу адамдар үч жумушчу күндөн кеч эмес бухгалтердик кызматка авансык отчет тапшырат", деп каралган 305-пунктун бузуу менен, эсеп берме жактардан баштапкы документтерди тиркөө менен, авансык отчетторсуз **72,0** миң сом негизсиз эсептен чыгарылганы аныкталган.

**Сунуштама:**

72,0 миң сом суммасына баштапкы документтерди тиркөө менен, авансык отчеттор калыбына келтирилсин. Авансык отчетту калыбына келтирбеген учурда, негизсиз эсептен чыгарылган сумма күнөөлүү адамдардын эсебинен өндүрүлүп алынсын жана бюджетке калыбына келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор А. Утурова.

**Талас шаарынын балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби**

2022-жылга республикалык бюджеттин каражаттарынан чыгымдардын бекитилген сметасы 3 200,0 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 4 239,1 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 4 969,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 4 970,4 миң сомду түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан чыгымдардын сметасы 2 413,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 2 714,4 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 2 646,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 2 643,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **34,4** миң сом суммасына товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускамага ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, сатып алуулар боюнча комиссиянын курамында сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адис жок.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуулар боюнча комиссиянын курамында сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адистин болушу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик исппектор А. Утурова.

**“Таза Суу” муниципалдык ишканасы**

2022-жылы операциялык ишмердүүлүктөн ишкананын негизги кирешеси 26 946,0 миң сомду түзгөн (салыктарсыз), 10 336,2 миң сомго көбөйүшү камсыздалган, 2021-жылга салыштырмалуу- 16 609,8 миң сом.

2022-жылга Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык, жалпы операциялык иштен негизги кирешелер 26 946,0 миң сомду түзгөн (салыксыз), товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркы 22 455,2 миң сомду түзгөн, операциялык чыгашалар жалпысынан 10 703,0 миң сомду түзгөн, алардын ичинен сатуу боюнча чыгашалар 4 151,0 миң сомду, жалпы административдик чыгашалар 6 552,0 миң сомду түзгөн. Отчеттук көрсөткүчтөргө ылайык, Ишкана 2022-жылы 6 206,0 миң сом чыгым тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Эмгектин зыяндуу шарттары үчүн негизсиз үстөк акы төлөө кайрадан орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын милдеттүү аткаруу камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кардарлар менен түзүлгөн келишимдер типтүү келишимдер болуп саналат, жана ар бир келишимдин 5-главасында көрсөтүлгөндөй, эгерде кардар төлөмдөрдү өз убагында аткарбаса, ар бир кечиктирилген күнгө карыздын суммасынан 0,5% айып салынат. Бирок, аудит көрсөткөндөй, 2022-жылы калктын дебитордук карызынын кескин өсүшүнө карабастан, ишкана тарабынан туумдар чегерилген эмес жана өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатуу максатында, түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, калктын дебитордук карыздарын өндүрүү, анын ичинде карыздарга айыптык санкцияларды кошуп эсептөө боюнча чаралардын комплексин каралсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-2022 – жылдары ишкананын иши чоң жоготуулар менен мүнөздөлгөн (2021-жылы-7 206,8 миң сом; 2022 – жылы-6 206,2 миң сом), ошону менен бирге, эмгек жамаатына 2022-жылы сый акы жана ар кандай материалдык дем берүүчү төлөмдөр түрүндө **1 571,4** миң сом суммасындагы акча каражаттары төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек жамаатына сый акы жана башка материалдык-дем берүүчү төлөмдөр ишкананын жыл ичиндеги ишинин жыйынтыгы боюнча жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, 2022-жылдын 1-

сентябрынан тартып 31-декабрына чейин компьютерде иштегендиги үчүн аппарат жетекчисине **144,3** миң сом өлчөмүндө үстөк акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөк акы белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Штаттык ырааттамада каралбаган штаттык бирдиктерди айкалыштыргандыгы үчүн айрым кызматкерлерге **170,5** миң сом өлчөмүндө эмгек акы негизсиз эсептелген.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттамада каралбаган штаттык бирдиктерди айкалыштыруу үчүн негизсиз кошумча төлөө практикасы токтотулсун.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 212-беренесин бузуу менен, ишкананын 2022-жылга жалпы жылдык кирешесинин курамына ишканага кайтарымсыз берилген наркы **283 542,6** миң сом болгон курулмалар жана имараттар (суу түтүктөрү) киргизилген эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги салык отчетунда кайтарымсыз алынган негизги каражаттарды туура көрсөтүү жана 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетту түзөтүү маселеси боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык органына кайрылсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, **648,5** миң сомго ар турдүү товардык-материалдык баалуулуктар сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы ишкананын каражаттарынан Sweco hydroproiekt a.s. компаниясына 418,9 миң сом которулган. Бул компания "Талас шаарынын таза суу жана саркынды сууларды кабыл алуу тармактарын модернизациялоо" долбоору боюнча ар түрдүү жумуштарды аткарган. Аны менен бирге, аудитке аткарылган иштердин актысы берилген эмес, же Sweco hydroproiekt a.s. компаниясына **418,9** миң сомду которуунун максаттуулугун тастыктоочу документация жок.

**Сунуштама:**

Аткарылган иштердин актыларынын жоктугун эске алуу менен, Sweco hydroproiekt a.s. компаниясына которулган 418,9 миң сом каражаттарды кайтаруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик иснпектор М. Сакиев

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде, төмөндө көрсөтүлгөн уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын иши, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

Талас шаардык маданият бөлүмү (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Т. Мадакеев), Талас шаарынын “Жаңы багыт” газетасынын редакциясы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Утурова), “Баластан балдар билим берүү борбору (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж.Карабаев), Талас шаарынын күрөш боюнча балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н.Мамытов), Талас шаарынын футбол боюнча балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби, “Семетей-Талас” “Футбол клубу” муниципалдык ишканасы, “Талас жашыл чарба” муниципалдык ишканасы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ч. Осмонов)

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары**
**боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик иеспектор Чымылдаков К., тел/факс (0312)623518